40.4. Айылдык аймактын жергиликтуу оз алдынча башкаруу органдарынын сайты айылдык кеңеш, анын түзүмдөрүнүн иши, бекитилген иш пландары жөнүндө дайыма жаңыланып турууучу маалыматтарды, статистикалык, талдоочулук маалыматтарды жана материалдарды, коштоочу документтери менен мыйзамдардын, токтомдордун долбоорлорунун электрондук версияларын , туруктуу комиссиялардан түшкөн жана каралуучу отчетторду, корутундуларды, маалымдамаларды, ачык жыйналыштардын протоколдорун, стенограммаларын жана у.с. камтыйт.

40.5. Айылдык аймактын сайтына «Айылдык кеңеш жөнүндө», «Депутаттык контроль», «Шайлоочулар менен байланыш», «Пайдалуу шилтемелер», «Айылдык кеңештин башка жергиликтүү кеңештер аралык иши» бөлүмдөрүнө маалыматтык материалдарды жайгаштырууну айыл аймагынын аппараттын тиешелүү кызматкерлери жүзөгө ашырат.

40.6. Маалыматтык материалдарды жайгаштырууну контролдоону айыл аймагынын Аппаратынын кызматкерлери жүзөгө ашырат.

40.7. Сайттын ишине жалпы контролду айылдык кенештин торагасы жана жооптуу катчысы жүзөгө ашырат.

40.8 Радио жана видео блогдор айыл аймагынын жооптуу кызматкерлери тарабынан даярдалат жана сайтка жайгаштырылат.

40.9 Бул блогдорду техникалык жактан камсыз кылуу айыл өкмөтүнүн аппаратына жүктөлөт.

40.10. Сайттын айылдык кеңешке тиешелүү бөлүмдөрүнүн аталыштарына өзгөртүүлөр айылдык кеңештин төрагасы менен макулдашуусуз киргизилиши мүмкүн эмес.

**41-глава. Регламентти сактоо үчүн контролду ишке ашыруунун тартиби**

41.1. Айылдык кеңештин Регламентинин жаңы редакциясы, ага өзгөртүүлөр жана толуктоолор айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен айылдык кеңештин сессиясында кабыл алынат.

41.2. Депутаттар, депутаттардын тобу, туруктуу комиссиялар тарабынан демилгеленген айылдык кеңештин Регламентине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу сунуштар тийиштүү туруктуу комиссияларда каралгандан кийин айылдык кеңештин сессиясынын күн тартибине киргизилет жана айылдык кеңештин сессиясында биринчи кезектеги тартипте каралат.

41.3. Айылдык кеңештин Регламентинин жоболорун чечмелеп түшүндүрүүнү айылдык кеңештин төрагасы жана төраганын орун басары ишке ашырат.

41.4. Айылдык кеңештин Регламентинин талаптарынын сакталышына контролдук кылуу айылдык кеңештин төрагасына жана төраганын орун басарына жана тийиштүү туруктуу комиссияга жүктөлөт. Айылдык кеңештин сессиясы учурунда айылдык кеңештин Регламентинин талаптарынын сакталышына контролдук кылуу сессияга төрагалык кылуучуга жүктөлөт.

Жооптуу катчы: Ч.Исакова